Тиркеме

Кочкорбаев айыл
кеңешинин
2020-жылдын 30-
сентябрындагы
№ ___ токтому менен
бекитилген
№158/XXII-27

**Муниципалдык мүлктү ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө**
**ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

1. Ушул Жобо муниципалдук мүлктү ижарага берүүнүн шарттарын жана тартибин аныктайт.

2. Ушул Жободо пайдаланылган негизги түшүнүктөр:

**муниципалдык мүлктү ижарага берүү** - пайдаланылбаган муницыпалдык мүлктү акы алуу аркылуу убактылуу ээлик кылууга жана пайдаланууга же убактылуу пайдаланууга өткөрүп берүү;

**ижарага берүүчү** – муницыпалдык бийлик жана башкаруу органы, мамлекеттик мекеме, мамлекеттик мүлктү ижарага берүүчү мамлекеттик ишкана;

**баланс кармоочу** – муницыпалдык бийлик жана башкаруу органы, муницыпалдык мекеме, муницыпалдык мүлк алардын оперативдүү башкаруусунда же чарбасында болгон муницыпалдык ишкана;

**ижарага алуучу** - жеке жана юридикалык жактар, анын ичинде ушул Жободо бекитилген тартипте аларга муницыпалдык мүлккө убактылуу ээлик кылуу жана колдонуу укугу берилген чет элдик жарандар;

**аукцион** – муницыпалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата тооруктун түрү, анда эң жогорку бааны сунуштаган катышуучу жеңүүчү деп таанылат;

**муницыпалдык мүлк** – муницыпалдык менчигиндеги имараттар, курулуштар, жайлар, ошондой эле транспорттук каражаттар, машиналар, жана жабдуулар;

**комиссия** – муницыпалдык мүлктү ижарага берүү боюнча толук ыйгарым укуктуу орган тарабынан түзүлгөн, туруктуу иштей турган комиссия;

**конкурс** – муницыпалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата тооруктардын түрү, анда конкурстун талаптарына ылайык, абдан жакшы шарттарды сунуштаган катышуучу жеңүүчү деп таанылат;

**ижаранын минималдуу өлчөмү** - конкурс өткөрүүдө маалымдалган муницыпалдык мүлктү колдонуу үчүн ар бир айлык ижара акынын минималдуу өлчөмү;

**ижара объекти** - ижарага берүү предмети болуп саналган муницыпалдык мүлк, ошондой эле ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата тооруктар жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик мүлк;

**талапкер** - ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата тоорукка катышуусун билдирген жана ижарага берүү келишимин түзүү укугуна талапкерлигин койгон жак;

**ижарага түз берүү** - тооруктарды өткөрбөстөн, муницыпалдык мүлктү ижарага берүүнүн түрү;